# Журналистика жана коммуникация институтунун 2022-2027-жж түзүлгөн стратегиялык өнүгүү планы



Журналистика факультети уюшулгандан тартып, бөлүмдөн, факультетке чейин өзүнүн жолун татыктуу жана барандуу басып келе жаткан, уюткулуу билим, илим борборуна айланды. 70 жылга жакын тарыхы бар, өлкөнүн ички өндүрүшүнө, кесипкөй, таланттуу адистерди, журналисттерди даярдап келе жаткан бирден бир белдүү факультет, ушул тапта “Журналистика жана коммуникация институту” болуп, улуу жолду улап, Кыргызстандын массалык маалымат каражаттарынын 80% биздин бүтүрүүчүлөр экенин баса белгилейбиз. ЖКИ дүйнөлүк билим берүү рыногунун талаптарына жана интеллектуалдык, чыгармачылык эмгекти коммерциялаштырууга багытталган моделин тандайт. Билим жана илимдеги, чыгармачылыктагы салттуу жана инновациялык багыттардын тең салмактуулугун сактап, жигердүү аракет көрүү жана жаңылануга умтулуу менен журналисттик кадрларды даярдоодогу алдыңкы институт болот.



- Кыргызстандын ичинде жана сыртындагы атаандаштыкка туруштук бере алган журналисттик кадрларды даярдаган, жаңы генерациядагы улуттук идеяларды калкка жеткирген жана заманбап улуттук интеллигенциянын өкүлдөрүн даярдаган борбор болот;
- ММКны илимий изилдеген, анализдеген, Кыргызстандын маалыматтык коопсуздугу боюнча изилдөөлөрдү жүргүзгөн борбор болот;
- Эл аралык деңгээлдеги маалыматтык саясатты жүргүзгөн, окумуштуулары менен бүтүрүүчүлөрү дүйнөлүк эмгек рыногунда өз орду бар, академиялык чөйрөдө, мамлекеттик кызматтарда иштеген журналисттик кадрларды даярдаган институтка айланат.

Бул үчүн, ЖКИнин өнүгүү стратегиясы төмөндөгү приоритеттүү багыттарды көздөйт:

- санариптик башкарылуучу санариптик институтка айлануу;
- рентабелдүү экономикалык системаны түзүү;
- окуу процессин изилдөөчү, чыгармачыл институттун шарттарына ылайыкташтыруу;
- институттун илимий, чыгармачылык ресурсун монетизациялоо шартына трансформациялоо;
- эл аралык кызматташууну жогорку деңгээлге көтөрүү, көбөйтүү жана рационалдуу багытка буруу;
- улуттук идеяларды жаратуу, жайылтуу жана коомдук аң-сезимди калыптандыруудагы улуттук интеллигенцияны даярдаган институт болуу.

# ЖУРНАЛИСТИКА ЖАНА КОММУНИКАЦИЯ ИНСТИТУТУНУН МИССИЯСЫ ЖАНА СТРАТЕГИЯСЫ

## ЖКИнин миссиясы:

Классикалык жана инновациялык жетишкендиктерге таянып, институттун билим берүү, илимий, чыгармачыл потенциалын сактап калуу жана өрчүтүү. Атаандаштыкка туруштук бере алган, улуттук идеяларды жаратуучу, жайылтуучу, маалыматтык саясатты жүргүзүүчү, маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуучу, коомдун аң-сезимин туура калыптандыруучу, жаратман журналисттик кадрларды даярдоочу борбор болуу

## Максаттар:

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун 2022-2027-жж түзүлгөн стратегиялык өнүгүү планын ишке ашыруу;
- ЖКИни академиялык, чыгармачыл чөйрөнүн эл аралык жана ички эмгек рыногунда татыктуу, атаандаштыкка туруктуу, орду бар Кыргызстандын журналисттик кадрларын даярдоодогу алдыңкы билим берүү, изилдөө борборуна айландыруу



Институт үч баскычта бакалавр, магистратура жана PhD докторантурада жана 2024-жылдан баштап колледжде да билим берүүсүн жүргүзөт. Институт П.Лумумба атындагы ЭДРУ (РУДН), Л.Гумилев атындагы Евразиялык улуттук университети, Алтай мамлекеттик университети менен кош диплом программасынын алкагында билим берүү процессин жүргүзөт.

# Бүгүнкү күндө институтта 500дөн ашуун студент окуп билим алат

- колледж
- бакалавр
- магистратура
- PhD–докторантура

# Журналистика жана коммуникация институтунда 4 программа ишмердүүлүгүн жүргүзөт

**Журналистика**

Жарнама жана коомчулук менен байланыш

**Телевидение**

Эл аралык журналистика


# ЭЛ АРАЛЫК ИЛИМИЙ -МЕТРИКАЛЫК АБАЛ


**Институттун профессордук окутуучулук курамын 3 илимдин доктору, 13 илимдин кандидаты жана 1 PhD доктор, 28 илимий даражасы жок кесиптештерибиз түзөт, курамдын сапаттык көрсөткүчү 42% түзөт. Курамдын сапатын көтөрүүгө, шарттарды түзөбүз. 2025-2027 жылдарга, 2 кандидаттык, 4 докторлук диссертацияларды жактоо күтүлүп жатат.**

**Институттун профессордук-окутуучулук курамынын сапаттык түзүмү**

| № | көрсөткүчтөр | 2023-2024-окуу жылы |
|---|---|---|
| 1 | РИНЦке кирген чет элдик басылмалар | 5 |
| 2 | РИНЦке кирген Кыргызстандын басылмалары | 4 |
| | **Scopus басылмасындагы көрсөткүчтөр** | 6 |
| 3 | **Web of Science**ка катталгандар, **Scopus**ka катталгандар | 38 |
| 4 | **Google Академия**га катталгандар | 38 |
| 5 | **ORCID**ке катталгандар | 26 |

# Институттун профессордук-окутуучулук курамынын сапаттык түзүмү




# ИНСТИТУТТУН АЛДЫНДА 5 БОРБОР ӨЗҮНҮН ИШИН АЛЫП БАРУУДА

- Медиамектеп
- Медиаизилдөө илимий борбору
- Өндүрүштүк–продюсердик борбор
- Түрк тилдүү мамлекеттердин журналистика борбору
- “Россия” медиаборбору

# ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТТАШУУ



- М.Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университети
- Л.Н.Гумилев атындагы ЕУУ
- Элдердин достугу Россия университети
- БУУнун түзүмү менен “Гендердик сезимтал журналистикасын өнүктүрүү” боюнча мөөнөтсүз кызматташуу келишими
- ЮНЕСКО, ЮСАИД тарабынан медициналык журналистиканы өнүктүрүү боюнча келишими
- **«Россия сегодня» бүткүл россиялык телерадиобирдигиндеги жана ЕврАзЭСтин алкагында өткөн медиафорумдарда да Кыргызстандын ММКнын атынан туруктуу спикерлик кылып, жалпы салттуу журналистиканын, медиа тармагындагы билим берүү көйгөйлөрүн көтөрдүк. Биринчи жолу, институттун чыгармачылык тобу менен россиялык журналист, публицист, профессор Владимир Васильев менен биргеликте тартылган «Салам Кыргызстан» аттуу фильм, россиялык абройлуу эл аралык кинофестивалга катышууга жолдомо алды.  Чуваш Республикасында өткөн абройлуу 16чы Эл аралык кинофестивалда, документалдык фильмдер сынагында калыстык кылууга, Минск шаарында өткөн конгрессте модераторлук кылууга жетиштик**

# ТАРТЫЛГАН ИНВЕСТИЦИЯЛАР

“Институттун материалдык-техникалык базасын жакшыртуу шартында,демөөрчүлөрдүн колдоосу менен 8 кабинет, аудиториялар оңдоп-түзөлүп, эмеректер жаңыланды. Жалпысынан 2022-2024-жылдар аралыгында 1 миллионго жакын инвестиция тартылды. Ушул тапта дагы 4 кабинет-аудиторияны оңдоп-түзөө иштери, кесиптик жабдуулар менен камсыз кылуу мерчемделип, 30 миң доллар инвестиция тартылуусу күтүлүүдө. Бүгүнкү күндө №205-аудитория толук ремонт болуп бүттү, материалдык-техникалык базасы жаңыланып, медиацентр ачылды.

# БИЗДИН ЖЕТИШКЕНДИКТЕР

## ИНСТИТУТТУН БРЕНДИ

**«Нацпродукт» командасы, Красноярск шаарында өткөн бүткүл Россиялык «Ярпиар» фестивалына, университеттин жана дөмөрчүүлөрдүн колдоосу менен катышып, ар кыл номинацияларда 1,2,3 орунду 3 жылдан бери жеңип келишет**

Мен репортер

Кызыл алма

Жоогазын

# БИЗДИН ЖЕТИШКЕНДИКТЕР

- КРнын Президенти Садыр Жапаров демилгелеген “Жашыл мурас” улуттук долбоорунун колдоо алкагында журналистика жана коммуникация институту тарабынан башкы корпустун айланасына 30дан ашык көчөт (сирень, гибискус) отургузулду.
- Үстүбүздөгү жылдын 19-апрелинде институттун студенттери “Ю.Гагарин-биздин замандын баатыры” Эл аралык илимий-агартуучулук фестивалынын алкагында, Кыргызстандын атуулу, Россиянын баатыры, космонавт С.В. Корсаков менен жолугушуу болуп өттү.
- Биринчи жолу, фотоискусство сабагынан студенттер тарткан сүрөттөрдөн турган, «Мен сени сүйөм өмүр», “Карегимде ата журт” аттуу фотокөргөзмөлөр уюштурулду.
- Ректорлордун дүйнөлүк форумунан 14 саатык эфир тартып, теле жана сайттарга видеоконтент даярдап берди. Ушул тапта КРнын Билим, илим министрлигинин тапшырмасы менен, 5 мотивациялык ролик жана 5 даректүү фильмдин үстүндө иштеп жатабыз. Факультеттин тарыхында биринчи жолу, Телевидение багыты боюнча, режиссура тайпасынын 3 курсунун студенттери тарабынан 12 социалдык ролик, профессионал актерлордун катышуусунда тартылды. Бүгүнкү күндө 7 ролик монтаждалып, үндөр дубляж менен жазылды. Өндүрүштө дагы 5 ролик монтаждалып жатат. 12 ролик, өлкөнүн телекомпанияларына сунушталат.

# Билим берүү ишмердүүлүгү



# ӨНҮГҮҮ СТРАТЕГИЯСЫ

## БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИН ЗАМАНБАП ШАРТТАРГА ЫЛАЙЫКТАШТЫРУУ

БИЛИМ БЕРҮҮ | САНАРИПТИК УНИВЕРСИТЕТ ЖАНА САНАРИПТИК БАШКАРУУ | ИЛИМ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР

## иш-чаралар:

1. окуу процессин уюштуруу жана башкарууну өзгөртүү;
2. окутуунун бардык деңгээлдеринде атаандаштыкка жөндөмдүү билим берүү программаларын иштеп чыгуу;
3. илимий макалаларды эл аралык аянтчаларда жарыялоого шарт түзүү;
4. институттун илимий-изилдөө компетенциясын жогорулатуу;
5. профессордук-окутуучулардын курамын сапаттык жактан жакшыртуу, квалификацияларын жогорулатуу жана чет өлкөлүк стажировкадан өткөрүү.

МӨӨНӨТҮ

2022–2027

## күтүлүүчү жыйынтыктар:

1.санариптештирүү, электрондук, документацияга өтүү, окуу пландарын жаңыртуу, жаңы интердисциплиналарды киргизүү;
2. салттуу кафедралардан билим берүү программаларына өтүү, “сэндвич” программаны ишке ашыруу, практикалык көндүмдөрдү теория менен айкалыштыруу;
3. эл аралык өнөктөштөр менен, чет элдик ЖОЖдор менен реалдуу байланыштарга чыгуу жана алардын мүмкүнчүлүгүн колдонуу;
4. окутуучулардын сапаттык курамы 60 %га жетет, 70 %га квалификациясын жогорулатат, 40% чет өлкөлүк кваликациядан өтөт.

# ӨНҮГҮҮ СТРАТЕГИЯСЫ

## БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИН ЗАМАНБАП ШАРТТАРГА ЫЛАЙЫКТАШТЫРУУ

| БИЛИМ БЕРҮҮ | ИЛИМ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР | ЭЛ АРАЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮК | САНАРИПТИК УНИВЕР. ЖАНА САНАРИПТИК БАШКАРУУ | МОНЕТИЗАЦИЯЛОО |
|---|---|---|---|---|

- **бакалаврдык багыттарды жаңыртуу**
- **магистрдик программаларды жаңыртуу**
- **PhD программаларын бекемдөө**
- **кабыл алынган абитуриенттердин сапаттык деңгээлине болгон (ЖРТ боюнча орточо баллы) талапты жогорулатуу**
- **бүтүрүүчүлөрдүн жумушка орношуусуна өбөлгө түзүү**
- **билим берүү процессин маалыматтык-технологиялык камсыздоого өткөрүү**
- **институттун аудиторияларын интернет панелдер менен камсыздоо**
- **теле-радиостудияларды заманбап техникалар менен жабдуу**
- **аралыктан билим берүү технологияларын өркүндөтүү**
- **электрондук окуу китептери менен окуу куралдар ресурстарын өнүктүрүү**
- **студенттердин жеке потенциалын өнүктүрүү жаатында окутуу, илимий-изилдөө жана чыгармачылык багытындагы окутуучулар менен студенттердин алакасын жана аракеттерин камсыз кылуу**
- **окуу процессин, жумуш берүүчүлөр менен бирдикте талкуулоо жана алардын, өндүрүштүн талабына жооп берген системага айлантуу**

# ӨНҮГҮҮ СТРАТЕГИЯСЫ

## БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИН ЗАМАНБАП ШАРТТАРГА ЫЛАЙЫКТАШТЫРУУ

| БИЛИМ БЕРҮҮ | ИЛИМ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР | ЭЛ АРАЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮК | САНАРИПТИК УНИВЕР. ЖАНА САНАРИПТИК БАШКАРУУ | МОНЕТИЗАЦИЯЛОО |
|---|---|---|---|---|

- студенттер менен ПОКтун академиялык мобилдүүлүк боюнча байланышын жакшыртуу, кеңейтүү жана турукташтыруу;
- академиялык алмашуу менен чет өлкөлүк ЖОЖдордо окуган студенттердин санын 5%га жеткирүү;
- чет элдик студенттердин санын көбөйтүү;
- чет тилдеринде (жарым-жартылай же толук) билим берүү программаларын ишке ашыруу;

МӨӨНӨТҮ

**2022-2027**

- эки дипломдуу билим берүү программаларынын санын көбөйтүү;
- көз карандысыз улуттук жана эл аралык аккредитациялардан өтүү;
- мекемелер, уюмдардын жана региондордун буйрутмасы боюнча студенттерди максаттуу кабыл алууну жана билим берүүнү уюштуруу

# ИЛИМ-ИЗИЛДӨӨЧҮЛҮК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ



# ӨНҮГҮҮ СТРАТЕГИЯСЫ

ИЛИМ

- илимий-изилдөө иштерин активдештирүүчү борборлорду ачуу жана күчөтүү;
- Кыргызстандын ММКсын, контентти жана телерадиоаудиторияны, интернет аянтчадагы аудиторияны изилдеген медиа изилдөөчү илимий борбор ачуу;
- илимий-метрикалык активдүүлүктү күчөтүү;

1. Хирш Индекси (РИНЦте катталган боюнча)
2. Хирш Индекси (WebpfScience боюнча)
3. Хирш Индекс (Scopus боюнча)
4. РИНЦте катталгандар
5. Гугл Академияга катталгандар
6. Автордун ORCID-коду
7. Автордун РИНЦтеги SPIN-коду
8. Автордун изилдөө коду (Web pf Science боюнча)

МӨӨНӨТҮ

2022-2027

- Министрликтин ГРИФИ менен жазылган макалаларды жана окуу куралдарынын санын көбөйтүү:

1.Web pf Science, Scopus, Thomson R…
2.Россиянын цитирлөө индексине кирген журналдар
3.КР басылмалары (РИНЦке кирген)
4.КР басылмалары (РИНЦке кирбеген)
5.Монография

- академияга катталгандардын санын жана сапатын көтөрүү
- спин кодун изилдөө кодун тактоо жана киргизүү
- консорциумдар менен коллабарацияларды өнүтүрүү багытында иш алып баруу
- Кыргызстандын ММКлары менен илимден өндүрүшкө деген принцип менен  иш алып баруу
- билим жана илимий изилдөө багытындагы эл аралык долбоорлорго жигердүү катышуу
- илимий-практикалык конференцияларды, медиафорумдарды өткөрүү


эл аралык ишмердүүлүк

# ӨНҮГҮҮ СТРАТЕГИЯСЫ

ЭЛ АРАЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮК


- **эл аралык уюмдар менен мамилени кеңейтүү жана эффективдүүлүгүн жогорулатуу;**
- **академиялык мобилдүүлүктү рационалдаштыруу;**
- **кош дипломдуулук программаларды көбөйтүү;**
- **чет өлкөлүк ЖОЖдор жана илимий-изилдөө уюмдары менен ишмердүүлүктү өнүктүрүү;**
- **эл аралык гранттар менен инвестицияларды тартуу;**

МӨӨНӨТҮ

2022-2027

- **чет өлкөлүк ЖОЖдордун профессор-окутуучуларынын онлайн, офлайн лекцияларын камсыз кылуу;**
- **эл аралык уюмдар, чет өлкөлүк ЖОЖдор менен биргеликте “сэндвич” программаларын өнүктүрүү;**
- **чет элдик өнөктөштөр менен конференция, форум, семинарларды өткөрүү**

# инновациялык чарба-экономикалык ишмердүүлүк



# ӨНҮГҮҮ СТРАТЕГИЯСЫ

## САНАРИПТИК УНИВЕРСИТЕТ ЖАНА САНАРИПТИК БАШКАРУУ

- финансылык камсыздоону өркүндөтүү, бизнес долбоорлордун эсебинен институттун киреше бөлүгүн көбөйтүү;
- эл аралык гранттар менен инвестицияларды тартуунун эсебинен институттун материалдык-техникалык базасын оңдоо;
- институттун чыгармачылык иштерди коммерциялаштыруунун эсебинен киреше бөлүгүн көбөйтүү;
- институттун инфраструктурасын өркүндөтүү;

**МӨӨНӨТҮ**

**2022-2027**

- медиаборбор, өнөрканаларды ачуу;
- Баласагын ТВ, А.Матисаковдун мектебинин ишмердүүлүгүн жогорулатуу жана практикалык жыйынтыкка алып келүү;
- “М.Мамбетакуновдун өнөрканасында” фестивалдык, коммерциялык фильмдерди тартуу;
- өндүрүштүк-продюсердик борбордо коммерциялык контент, буйрутма роликтерди, видео сабактарды тартуу;
- радиоподкасттарды коммерциялаштыруу;
- үн жаздыруу студиясын ачуу

# Көңүл бурганыңыздарга рахмат!